## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ

## ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК

## OFFICIAL LANGUAGE

*УДК 378:81*

***Рысбаев Сулайман Казыбаевич,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Шаршенова Рысбү Айылчиевна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***аспирант,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

# ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА КӨРКӨМ ТЕКСТТЕРДИ КОЛДОНУУ ЖАНА АНЫН СТУДЕНТТЕРДИН КЕБИН ӨСТҮРҮҮДӨГҮ МААНИ-МАҢЫЗЫ

***Рысбаев Сулайман Казыбаевич,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Шаршенова Рысбү Айылчиевна,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ТЕКСТОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В ВУЗАХ И ЕГО ЗНАЧЕНИЕ В РАЗВИТИИ РАЗГОВОРНОЙ РЕЧИ СТУДЕНТОВ

***Rysbaev Sulaiman Kazybaevich,***
***Ph.D., Professor,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Sharshenova Rysbu Aiylchievna,***
***Graduate Student,***
***Kyrgyz Academy of Education,***

***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

# THE USE OF LITERARY TEXTS WHEN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN UNIVERSITIES AND ITS IMPORTANCE IN THE DEVELOPMENT OF SPOKEN SPEECH OF STUDENTS

***Аннотация:*** *Кыргыз тилин окутууда адабияттын материалдарын пайдалануу, адабий жана публицистикалык, ошону менен бирге эле илимий стилдердеги тексттерди тилдик азык, маалыматтык каражат жана тил үйрөнүүнүн негизги каражаты катары колдонуу натыйжалуу болмокчу. Текст менен иштөө ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнө себепчи боло алат. Адабияттык материалдарды окутуунун эң жогорку бирдиги катары эсептесек болот.*

***Аннотация:*** *При обучении кыргызскому языку будет эффективно использовать материалы литературы для развития языка, обогащения языка, использовать тексты в литературно-публицистическом, и в то же время, научном стилях в качестве языковой пищи, информационного средства и как основное средство изучения языка. Работа с текстом может привести к развитию мышления. Литературные материалы можно рассматривать как высшую единицу обучения.*

***Annotation***: *When teaching the Kyrgyz language, one will effectively use literature materials for the development of the language, enrich the language, use texts in literary, journalistic, and at the same time, scientific styles as language food, an information tool and the main means of language learning. Working with text can lead to the development of thinking. The article contains the idea that literary text can and should be considered as a stimulus and source of students' interest in the Kyrgyz language in the Kyrgyz language lesson. Literary materials can be considered as the highest unit of learning.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көркөм текст, лексика, кептин фигуралары, лингиводидактикалык адаптация, окурман тажрыйбасы, текстти талдоо, гумандаштыруу, заманбап концепция, сүйлөө жөндөмү,кептин түрлөрү.*

***Ключевые слова***: *художественный текст, лексика, фигуры речи, лингводидактическая адаптация, читательский опыт, анализ текста, гуманизация, современный концепт, речевая способность, виды речи.*

***Key words***: *literary text, active, vocabulary, figures of speech, linguodidactic adaptation, reading, text analysis, humanization, modern concept, speech ability, types of speech.*

**Киришүү**. Кыргыз тилин ЖОЖдордо окутуунун негизги максаттарынын бири – студенттердин тилдик компетенциясын жогорулатуу жана алардын кеп маданиятын өнүктүрүү. Бул максатка жетүүдө көркөм тексттердин ролу өзгөчө маанилүү. Көркөм чыгармалар студенттерди тилдин байлыгы менен тааныштырып, студенттердин сөз байлыгын кеңейтүүгө, стилистикалык өзгөчөлүктөрдү өздөштүрүүгө жана ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Бул макалада көркөм тексттерди окуу процессине интеграциялоонун жолдору жана анын студенттердин кеп маданиятын өстүрүүдөгү мааниси талдоого алынат.

**Изилдөөнүн максаты:**

1) Кыргыз тилин окутууда көркөм тексттерди колдонуунун жолдорун аныктоо.

2) Студенттердин кебин өстүрүүдөгү көркөм тексттин маани-маңызын изилдөө.

**Изилдөөнүн методу.** Бул макалада эмпирикалык метод жана теориялык методдор менен бирге заманбап окутуунун ыкмалары берилген**.**

**Негизги мазмуну.** Билим берүүдө психологдор жаштарга тарбия берүүдөгү тилдин ордун изилдеп келишкен, алар: С.Л. Рубинштейн, Л.И. Божович, Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, Р.А. Будагов, А.М. Матюшкин жана башкалар. Алардын эмгектери

предметке болгон кызыгуу анын маңызын аңдап билүүсүнөн көз каранды экендигин, предметтин маңызын билүү кызыгууну күчөтөрүн көрсөтөт. Бул маселеге көңүл бурууну белгилүү педагогдор: К.Д. Ушинский, В.И. Водовозов, Г.И. Щукина, Т.И. Шамова жана башкалар изилдешкен. Г.И. Щукин жана Т.И. Шамова мындай деп белгилейт: «Окуучулардын орус тилин үйрөнүүгө кызыгуусу жок. Анын үстүнө орус тили сабагын жакшы көрүшпөйт, бул өз кезегинде тилди билүү деңгээлинин төмөндүгүнүн, орфографиялык каталардын болушунун, оозеки жана жазууда жана сүйлөөнүн начар өнүгүшүнүн бирден-бир себеби» [1, 320-б.].

Кыргыз педагогика илиминде кыргыз тилин адабият менен байланыштырып окутуунун өзүнчө методдорун иштеп чыгуунун методикалык проблемаларын чечүү маселеси актуалдуу болуп саналат. Ушул темага алгач ирет багыт алган М. Тешебаев кеңири илимий изилдөө жүргүзгөн жана педагог-окумуштуулар С. Рысбаев, Н. Ишекеев, Т. Маразыковдор кайрылышып, о.э жаш илимпоздор М. Мадумарова, Т. Халиловалар да бир канча эмгектерди жаратышты. Кыргыз адабиятын башка предметтер менен байланышта окутуу маселесинин теориялык негиздери А. Муратовдун, К. Иманалиевдин, Б. Алымовдун, И. Исамидиновдун, Ү. Култаеванын илимий эмгектеринде каралган.

ЖОЖдордо кыргыз тилин окутууда көркөм чыгармаларды колдонуу көп кырдуу методикалык ыкмаларды камтыйт. Алардын негизгилери:

**Текстти талдоо** – көркөм чыгармалардын тилдик жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн талдоо студенттерге грамматикалык түзүлүштөрдү, сөздөрдүн контекстик маанисин жана синтаксистик конструкцияларды түшүнүүгө жардам берет.

**Дискуссиялар жана талкуулар** – көркөм тексттердин негизинде өткөрүлгөн талкуулар студенттердин ой жүгүртүү, аргумент келтирүү жана пикир билдирүү жөндөмүн өстүрөт.

**Интерактивдүү усулдар** – ролдук оюндар, драмалаштыруу жана инсцeнировкалар аркылуу студенттер тексттин мазмунун терең өздөштүрүп, тилдик көндүмдөрүн өнүктүрөт.

**Лексикалык жана фразеологиялык байытуучу иш-чаралар** – көркөм чыгармаларда кездешкен татаал сөздөр жана фразеологизмдер менен иштөө студенттердин сөз байлыгын өстүрүүгө көмөкчү болот.

Көркөм тексттердин студенттердин кеп маданиятына тийгизген таасири иликтенет;

Көркөм чыгармаларды окуп, талдоо студенттердин тилди кабыл алуу жана колдонуусун жакшыртат.

Бул төмөнкү аспектилер аркылуу жүзөгө ашат;

Тилдик сезимди өнүктүрүү – адабий тилдин нормаларын өздөштүрүүгө жана тилдик маданияттын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Кеп байлыгын кеңейтүү – көркөм чыгармаларда колдонулган синонимдер, метафоралар жана башка тилдик каражаттар студенттердин сөз байлыгын арттырат.

Оозеки жана жазуу тилинин тактыгын камсыз кылуу – адабий тексттерди анализдөө жана жазуу иштерин жүргүзүү тилдин эрежелерин сактоого үйрөтөт.

Сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өркүндөтүү – көркөм тексттердин мазмуну боюнча ой жүгүртүү жана аргумент келтирүү жөндөмү калыптанат.

Окутуунун активдүү технологиясын сапаттуу окутуунун эң негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

- Окуунун натыйжасы менен ойлонууну активдештирүү, б.а. студент өзүнүн каалоосуна жараша активдүү окуу-таануу ишмердүүлүгүн жүргүзөт;

- Үзгүлтүксүз ишмердүүлүктү жүргүзүү, окуучу окуу процессинин аныкталган этабында гана эмес, тескерисинче башынан аягына чейин тынымсыз катышат;

- Өз алдынча чыгармачылык деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу, жогорку деңгээлдеги окуу мотивине ээ болуу [2, 144-б.].

Ушундай эле ойду окумуштуу Н.В. Кулибина: «Бизге сабакта конкреттүү бир көркөм тексттин үстүндө иштөөдө, тил үйрөнүү процессинде көркөм текстти колдонуудагы негизги максатты ажыратып алуу

керектей сезилет. Текстти түшүнүү, аны семантикалык жактан кабыл алуу жана жогоруда айтылгандай, бул студенттердин өз алдынча иш-аракетинин натыйжасы болушу керек» – деп айткан [3, 20-б.].

Кыргыз тилин үйрөнүүдө текстти пайдалануу студенттерди эне тилинин жан дүйнө байлыгы жана кооздугу менен тааныштыруу, сөзгө кылдаттык менен жана ой жүгүртүү менен мамиле кылууну тарбиялоо сыяктуу тарбиянын маанилүү көйгөйлөрүн чечүүнү камсыз кылат.

Тилди үйрөнүүдө негизги көңүл бөлө турган нерсе текст менен иштөө болуп саналат. Сүйлөмдөрдүн курулушу, ойдун так берилиши, кээ бир сөздөрдүн көп маанинде колдонулушу сыяктуу маселелер текст менен иштөөдө жүзөгө ашат.

Көркөм тексттин лингводидактикалык потенциалы бул текст аркылуу бир катар тарбиялык милдеттерди чечүү мүмкүндүгүндө ачылат: тилди үйрөнүүгө болгон мотивацияны күчөтүү; тилдик бирдиктердин колдонулуш контекстинде иштеши менен тааныштыруу; студенттердин активдүү жана пассивдүү лексикасын толуктоо; алардын лингвистикалык жана маданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү ж.б.

«Сүйлөө жана жазуу учурунда сүйлөмдү логикалуу түзүп сүйлөө ишмердиги:

- айтылган ойдун ырааттуулугу (оозеки жана жазуу түрүндө);
- жыйынтыктуулугу (башынан аягына чейин жыйынтыктуу ойдун айтылышы)
- мазмундун иреттүү, түшүнүктүү айтылышы;
- ойдун жеткиликтүү берилиши;
- сүйлөмдүн стилдик курулушунун сабаттуулугу;
- сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун-тартибин туура сактап сүйлөө жана жазуу…ж.б.» [4, 21].

Ошол эле учурда адабий текст аны башка тилдүү студенттер тарабынан кабыл алууну жана түшүнүүнү кыйла татаалданткан бир катар өзгөчөлүктөргө ээ (стилистикалык боёкторго, социалдык жактан белгиленген жана башка бирдиктерге мол болушу; троптордун жана кептин фигураларынын колдонулушу; башка маданияттын өкүлүнө бейтааныш кеңири социалдык-маданий контекст; кыйыр түрдө берилген автордун ниети ж.б.), бул тандоо көйгөйүнүн актуалдуулугун аныктайт. О.И. Москальская бүтүндөй кеп чыгармасынын семантикалык бүтүндүгү анын темасынын биримдигинде экенин белгилейт [5, 183-б.].


Көркөм чыгарманын текстин лингводидактикалык адаптациялоонун максаты аны жаңы, тарбиялык, иштөө шарттарына ылайык трансформациялоо болуп саналат, алар башка тилдүү окурмандын инсандыгына байланышкан факторлордун бүтүндөй жыйындысы менен мүнөздөлөт – биринчи кезекте анын тилдик компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээли, кызыгуулар диапазону, окурман тажрыйбасы, окутуу тажрыйбасы ж.б. айтсак болот.

Окуу жана байкоо жүргүзүү үчүн студенттерге кыргыз адабий тилинин жана сабаттуу кебинин үлгүсү боло ала турган кыргыз классиктеринин тексттери сунушталат. Сабакта окулган тексттер дидактикалык материал катары колдонулат. Мындай тексттер окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өнүгүү деңгээлине, алардын кызыкчылыктарына таасир этет, китепкөйлүккө үндөйт. Ал максатта ар кандай жанрдагы тексттер каралат, бирок прозага көбүрөөк көңүл бурулат мисалы: чакан аңгемелер же негизги фрагменттери практикалык кепке жакын жана прагматикалык мааниге ээ романдарды алсак болот. Ч. Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөр, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан, Ж. Мавляновдун, Б. Усубалиевдин, К. Каимовдун, С. Раевдин, С. Рысбаевдин, К. Сактановдун аңгемелеринен, о.э А. Осмоновдун, Т. Сатылгановдун, Ж. Мамытовдун ырларынан тексттерди пайдаланабыз.

Сабакта өтүлүүчү грамматикалык тема: Сүйлөм жана анын түрлөрү болсо, колдоно турган тексттерди төмөнкүчө алабыз. Окутуу учурунда системалуулук жөнүндө эстен чыгарбоо керек. Бир тема экинчисин улантып, мурункусун толуктап, кеңейтиши керек. Ошентип, мисалы, адегенде сөздү,

анын маанисин изилдейбиз, анан сөздөрдөн сөз айкаштарын курабыз, анан сүйлөм курууда колдонобуз.Топторго бөлүп алуу ыңгайлуу болот.

Текстти окуп, сүйлөмдүн курулушуна көңүл бурушат. Текстте сүйлөмдүн кандай түрлөрү кездешкенине байкоо жүргүзүшөт. Текстке суроо түзүшүп топтор бири-бирине узатышат жана текстти улап, сүйлөм түзө алышат. Чыгарманы аягына чейин окуу кызыкчылыгы туулат.




Азыркы кыргыз тили сабагынын структурасында текст менен комплекстүү иштөө билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү натыйжалуу калыптандыруунун зарыл шартына айланып, окуу процессин кызыктуу кылат.

Текстти талдоо процессинде студент алган иштин негизги натыйжасы – бул тексттин ой-ниетин өз алдынча түшүнүү; автор өз оюн ишке ашыруунун ыкмаларын жана каражаттарын түшүндүрө билүү; грамматиканын таасирин түшүндүрүү; көркөм образды жаратуу үчүн сөздүн стилдик каражаттары; өз алдынча текст түзүүгө даярдоо болуп саналат. Текстти комплекстүү талдоо процессинде тилдик анализдин төмөнкүдөй түрлөрү жүргүзүлөт: фонетикалык, лексикалык, морфемалык, туунду, этимологиялык, морфологиялык жана синтаксистик, стилистикалык.

Көркөм тексттин тили өзүнүн маңызы боюнча чыгарманын белгилүү бир көркөм модели болуп саналат жана бул жагынан алганда анын бүткүл түзүлүшү мазмунга таандык болот. Ошондой эле адабиятты искусство катары эстетикалык кабыл алуу, анын студенттердин сезимине тарбиялык таасири, студенттерде кептин экспрессивдүү жагын баалай билүүгө үйрөнгөндө, тилге болгон сүйүүсү калыптанганда гана мүмкүн болоору да маанилүү. Көркөм текст – кыргыз тили сабагында студенттердин коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, алардын сөздү сезүүгө тарбиялоого багытталган кеп чөйрөсүн түзүүчү каражаттарынын бири.


Мугалим сабакта көркөм текст менен иштөө системасын алдын-ала ойлонушу керек. Лингвистикалык бирдиктерди талдоо менен бирге кептин түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөп баяндоо, ой жүгүртүү), тексттин кайсы стилге таандык экендигин көрсөтүп, маданий, сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу абзел. Студенттерге тексттин үлгүсү алдын ала берилип, семантикалык жана типологиялык талдоого жардам бериши керек, анын жүрүшүндө студенттер тексттин темасын жана негизги идеясын, анын түзүмүн, ачкыч сөздөрдү аныктап, кептин ар кандай түрлөрүнө тиешелүү абзацтарды билүүгө жетишиши керек.

Сабакта көркөм текстти кабыл алууну үйрөтүү процессинде калыптанган негизги көндүмдөр төмөнкүлөрдү камтыйт:

- текстти тилдин колдонулуш каражаты катары түшүнө билүү;
- бүтүндөй тексттин өзгөчөлүктөрүн аныктоо көндүмдөрү;
- тексттин негизги бирдиги катары колдоулган сөздөргө көңүл буруу, түшүнүү.

Студенттердин сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүү үчүн окутуучу окуу процессин акыл-эс ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө түрткү берип, ошол эле учурда тил байлыгын өркүндөтүүгө өбөлгө болуу шарт. Бул төмөнку ыкмаларды колдонуу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн:

Жазуу тапшырмалары – студенттердин ойлорун уюштурууга жана жазуу жүзүндө билдирүүгө жардам бере турган эссе, дил баян жана башка жазуу иштерин жазууга үндөө зарыл болот Мындай тапшырмалар боюнча пикирлер каталарды аныктоого жана ондоого жардам берет. Негизи ар бир сабакты «Ричворд» ыкмасы менен баштоо студенттердин көңүлүн буруп, сабакты толук кабыл алууга шарт түзөт жана ой жүгүртүүнү, команда менен иштөөнү, кеп маданиятын өстүрүүнү камсыздайт.




ЖОЖдордо филологиялык билим берүүнүн заманбап концепциясы студенттердин лингвистикалык гана эмес, ошондой эле кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүү менен, ошондой эле оозеки жана жазуу маданияты менен байланышкан коммуникативдик (кептик) компетенттүүлүгүн калыптандырууну камтыйт.

**Корутунду.** Илимий изилдөөлөр көркөм тексттин гуманитардык эмес багыттагы жогорку окуу жайлардын билим берүү процессиндеги маанилүү ролун тастыктап келет.

Көркөм тексттерди пайдалануу студенттердин сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн жана сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүп гана тим болбостон, алардын нравалык баалуулуктарын жана этикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга да өбөлгө түзөт. Ошентип, көркөм текст менен иштөө кыргыз тилин бышыктоодо студенттердин кебин өстүрүүдөгү маанилүү фактор болуп эсептелет, ошол эле учурда билим берүү процессин байытып жана толуктап турат.

***Адабияттар:***

1. Шамова Т.И. Управление образовательными системами. – М., 2008. – 320 б.
2. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – Б., 2008. – 144-б.
3. Кулибина Н.В. Художественный текст в лингводидактическом осмыслении. – М., 2001. – 20 с.
4. Рысбаев С.К. Жазуу жана сүйлөө ишмердиги, алардын табияты тууралуу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – №2 (60). – С. 16-23.
5. Москальская О.И. Грамматика текста. – М.: Высшая школа, 1981. – 183 с.

***Рецензиялаган:***
***Токтомаметов А.Д.,***
***педагогика илимдеринин кандидаты***